УДК-881.111+811.112.2]:81'373

Чойбекова Н. Т.
Кыргыз мамлекеттик юридикалык академиясынын окутуучусу, Кыргызстан

АНГЛИС ЖАНА НЕМИС ТИЛДЕРИНДЕГИ МОДАЛДЫК ЭТИШТЕРДИН АЗЫРКЫ АБАЛЫН ЛИНГВИСТИКАЛЫК ИЗИЛДӨӨНҮН ЛИНГВИСТИКАЛЫК-МЕТОДОЛОГИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ

ЛИНГВИСТИКО-МЕТОДОЛОГИЧЕСКИЕ ОСНОВЫ ЛИНГВИСТИЧЕСКОГО ИССЛЕДОВАНИЯ И ОПРЕДЕЛЕНИЯ СОВРЕМЕННОГО СОСТОЯНИЯ МОДАЛЬНЫХ ГЛАГОЛОВ В АНГЛИЙСКОМ И НЕМИСКОМ ЯЗЫКАХ

THE LINGUISTIC –METHODOLOGICAL BASICS IN LINGUISTICS STUDY AND DETERMINE THE MODERN STATE OF MODAL VERBS IN THE ENGLISH AND GERMAN LANGUAGES

Аннотация: *Аталган макалада англис жана немис тилдериндеги модалдык этиштердин азыркы абалын аныктоо менен лингвистикалык изилдөөнүн лингвистикалык-методологиялык негиздерин талдоо маселелери каралат.*

Түйүндүү сөздөр*: англис, немис тилдери, лингвистика, изилдөө, методологиялык негиз, модалдуулук, грамматикалык категория*

Аннотация: *В данной статье рассматриваются определения современного состояния модальных глаголов в английском и немиском языках и анализирутся вопросы лингвистико-методологической основы в лингвистическом исследовании.*

Ключевые слова: *английский, немиский языки, лингвистика, исследование, методологические основы, модальность, грамматическая категория.*

Annotation: *In this article considered determine the modern state of modal verbs in the English and German languages and analyzed issues about linguistic –methodological basics in linguistics study.*

Key words:*English, German languages, linguistics, to research,methodological basics, modality, grammatical category.*

Тилдик модалдуулук кубулушу үч бөлүктү бириктирет: биринчиден, өзүнүн айтымында кандайдыр-бир маалыматты кабарлаган айтуучу адамдын өзү; экинчиден, айтуучу адам белгилүү бир маалыматты кабарлаган айтымдын мазмуну; үчүнчүдөн, айтымда табияты же аракети сөз кылынган объективдүү чындыктагы кайсы бир кептин предмети.Тилдик модалдуулук кубулушу тилдин функционалдык-грамматикалык табиятын иликтөө үчүн эң мыкты полигон (сынак талаасы) боло алат. Тилдин функционалдык-грамматикалык табияты тил кубулушунун милдеттүү касиети болуп саналат – ал тилдик системанын бардык деңгээлдерин: фонетикалык, морфологиялык, синтаксистик, сөз жасоочулук жана лексикалык деңгээлдерин тепчип өтөт. Тилдик модалдуулук тилдик системаны иликтөөдөгү функционалдык-грамматикалык мамиленин негизги принцибине тике жана түздөн-түз туура келет: «Функционалдык грамматика ар түрдүү тилдик деңгээлдерге таандык болгон, бирок өздөрүнүн системалык функцияларынын жалпылыгынын негизинде бириктирилген каражаттарды бирдиктүү системада карайт; тилдик материалды сыпаттоодо функциялардан каражаттарга карай багыт функционалдык грамматиканын негизги, аныктоочу курулушу катары пайдаланылат» (1. 376-б.)

Ошентип, функционалдык грамматиканын позициясынан караганда, тилдик модалдуулук тилдин кеңири функционалдык-грамматикалык аймагы бо-

луп саналат, бирок ал ошол эле учурда өзүнө окшош функционалдык-грамматикалык аймактардын катарындагы бир аймак болуп эсептелет, ал аймактар функционалдык грамматика теориясында функционалдык-грамматикалык талаалар (ФГТ) деп аныкталат: темпоралдуулук ФГТсы (негизги грамматикалык категориясы – сүйлөм-айтымда ишке ашкан кайсы бир убакыт бирдиги түшүнүгү), актуалдуулук ФГТсы (негизги грамматикалык категориясы – аракетти убакыт ичинде анын мүнөздөмөсүнө жараша бөлүштүрүү түшүнүгү), таксис ФГТсы (негизги грамматикалык категориясы – бир темпоралдык мезгилдин алкагындагы аракеттердин ортосундагы мезгилдик катыштар түшүнүгү), психолингвистикалык абалдар ФГТсы (негизги грамматикалык категориясы – айрым сөздө да, бүтүн айтымда ишке ашуучу эмотивдик бирдик), этиштик катыштар ФГТсы (негизги грамматикалык категориясы – айтымдын предметин камтыган бүтүн таризделген этиштик лексика).

Демек, тилдик модалдуулук ФГТсы тилдин жалпы системасындагы семантика-грамматикалык катыштардын, каражаттардын жана бирдиктердин көлөмдүү аймагы болуп саналат, ал айтымдын мазмунунун жана анын предикативдик негизинин айтуучу тарабынан аныкталган чындыкка болгон катышы катары мүнөздөлөт. Айтымдын мазмуну менен объективдүү чындыктын ортосундагы мындай катыштын негизги үстөмдүк кылуучу белгиси болуп «доминантты реалдуулуктун/ирреалдуулуктун белгилерине тигил же бул катыш катары чечмелөө» болуп саналат.

Тилдик модалдуулуктун ФГТсы модалдуулуктун жалпы грамматикалык категориясынын бирдиктүү көлөмдүү системасына (тилдик системага карата подсистемага) бириктирилет, ал система, биринчи ирээтте, айтуучунун айтылганга карата мамилесинин чагылышы, ошол эле учурда кабардын кептин предметине карата мамилесин баалоо болуп саналат.

Тилдик модалдуулуктун биринчи, эң жогорку деңгээлин биз функционалдык грамматиканын аспектисинде тилде башка ушундай эле темпоралдуулук, аспектуалдуулук, таксис ж.б. түшүнүктүк талаалар менен катар жашаган тилдик модалдуулуктун көлөмдүү функционалдык-грамматикалык талаасы катары аныктадык. Биринчи деңгээлди, тилдик модалдуулуктун ФГТсын аныктоонун негизинде модалдык граммема, өзөгүнүн грамматикалык багыттуулугу бар болгон бирдик жатат.(2.59-б.)

Тилдик модалдуулуктун экинчи деңгээли модалдуулукту андан ары классификациялоодо, объективдүү жана субъективдүү модалдуулук подсистемаларын бөлүп алууда ортого чыгат. Эгер модалдуулук кубулушун айтуучу адамдын айтымдын мазмунуна карата, ал эми айтымдын мазмуну аркылуу объективдүү чындыктагы кептин предметине карата бир тараптуу мамилеси катары карасак, анда мындай бир тараптуу мамиледе модалдуулуктун эки түрү бөлүнөрүн көрүүгө болот: субъективдүү модалдуулук жана объективдүү модалдуулук. Субъективдүү модалдуулук айтуучу адам менен анын айтымынын мазмунунун ортосунда жаралат, анткени айтуучу көпчүлүк учурда өзүнүн айтымынын маалыматтык бөлүгүнө кабарланып жаткан окуя жөнүндө өзүнүн жеке мамилесин кошумчалайт, ал эми жеке мамиле, жеке пикир, атүгүл айтуучу толук ишенимдүү фактыларды кабарлоого аракет кылып жаткан учурда да, дайыма субъективдүү. Лингвистикада субъективдүү модалдуулукка төмөнкүдөй аныктама берилет: «Субъективдүү модалдуулук. Айтуучунун кабарга карата мамилесин (ишенүү же ишенбөө, макулдук же макул эместик, экспрессивдик баа) чагылдыруу» Субъективдүү модалдуулукту чагылдырган тилдик каражаттарга модалдык сөздөр, модалдык бөлүкчөлөр, сырдык сөздөр, киринди сөздөр жана сөз айкаштары, ошондой эле сөздөрдүн орун тартиби кирерин дагы бир жолу белгилей кетели.

Объективдүү модалдуулук айтуучу тарабынан айтылган айтымдын мазмуну менен объективдүү чындыктагы кептин предметинин ортосунда жаралат, анткени айтымдын тигил же бул мазмуну белгилүү бир кептин предметине байланышып, туура келүүгө тийиш, ал эч кандай жагдайда туура келбей турган башка предметке байланышпоого тийиш: «Объективдүү модалдуулук, кабарланып жаткан нерсенин чындыкка карата мамилесин (реалдуулук же реалдуу эместик, мүмкүндүк же мүмкүн эместик, зарылдык же ыктымалдуулук ж.б.) чагылдыруу» .(3.131-б.)

Субъективдүү модалдуулуктун объективдүү модалдуулуктан айырмачылыгы эки моменттен байкалат. Биринчиден, субъективдүү модалдуулук камтылган айтымда дайыма айтуучунун субъективдүү ойлому катышат, анда айтуучунун мамилеси «чындык – жарым чындык – жалган» амплитудасында өзгөрүп турат, ошол эле учурда бул субъективдүү ойлом объективдүү модалдуулукта болбойт. Экинчиден, субъективдүү ойлом милдеттүү эмес мүнөзгө ээ болот, анткени айтуучу кабарга карата өзүнүн субъективдүү пикирин кошумчалабашы да мүмкүн, ошондуктан субъективдүү факультативдүү, б.а. милдеттүү эмес жана ыктымалдуу тилдик-түшүнүктүк бирдик болуп саналат. Объективдүү модалдуулук – милдеттүү тилдик-түшүнүктүк категория. «Объективдүү модалдуулук – ар бир айтымдын милдеттүү белгиси, предикативдүү бирдикти – сүйлөмдү калыптандыруучу категориялардын бири. Объективдүү модалдуулук кабардын чындыкка карата мамилесин реалдуулук (ишке ашуу мүмкүндүгү) жана ирреалдуулук (ишке ашуу мүмкүн эместиги) планында чагылдырат» [Лингвистический энциклопедический словарь, 1990:303 Объективдүү модалдуулукту калыптандыруучу тилдик каражаттарга этиштик ыңгай категориясы, этиштик чак категориясы, интонациялык структуралардын узуалдык типтери, ошондой эле биз өз ишибизде иликтеп жаткан модалдык этиштер кирерин дагы бир жолу белгилей кетели.

Семантема нукура структуралык-грамматикалык бирдик болбостон, айтымдын семантикасына жакындаган бирдик болуп саналат, анткени ал өтө ар түрдүү сөз түркүмдөрүнүн маанилерин бирдиктүү бүтүн кырдаалдык шартталган айтымга бириктирген маанилик компоненттин чагылышы болуп саналат (4.376-б.).

Тилдик модалдуулуктун үчүнчү деңгээли экинчи деңгээлге салыштырмалуу конкреттештирилген мүнөздө болот. Эгер тилдик модалдуулуктун экинчи деңгээлинде аппозитивдүү модалдык корреляция: субъективдүү модалдык семантема – объективдүү модалдык семантема орун алып, ушул грамматикалык аныктоочу семантемага жараша экинчи деңгээлде

эки функционалдык-семантикалык талаа: субъективдүү модалдуулуктун ФСТсы жана объективдүү модалдуулуктун ФСТсы түзүлсө, тилдик модалдуулуктун үчүнчү деңгээлинде функционалдык-семантикалык талаалар тилдик модалдуулуктун жогорураак деңгээлиндеги ФСТнын функционалдык каражаты болгон модалдуулукту чагылдыруучу тилдик каражаттарга байланыштуу жаралат. Тилдик модалдуулуктун экинчи деңгээлиндеги субъективдүү модалдуулуктун ФСТсын, биз мурда белгилегендей, төмөнкү тилдик каражаттар түзөт: модалдык сөздөр, модалдык бөлүкчөлөр, сырдык сөздөр, киринди сөздөр жана сүйлөмдөр, сөздөрдүн орун тартиби. Объективдүү модалдуулуктун экинчи деңгээлдеги ФСТсын этиштик ыңгай, этиштин чактары, интонациянын ар түрдүү коммуникативдик типтери жана модалдык этиштер категориясы түзөт.

Модалдык этиштер өздөрү байланышкан маани берүүчү этиштер менен чогуу татаал түшүнүктүк-маанилик структураны, тагыраак айтканда семантикалык структураны түзүшөт. Экстралингвистикалык маалыматтарды эсепке алганда модалдык этиштер өздөрү байланышкан маани берүүчү этиштер менен чогуу экстралингвистикалык шарттардын таасири астында түзүлөт жана интралингвистикалык, нукура тилдик жактан «айтуучунун аракетке карата мамилесин чагылдыруу» модалдык-грамматикалык категориясынын таасири астында алар семантикалык структураны түзүшөт, бул структуранын иерархиялык жактан эң жогорку баскычында «айтуучунун аракетке карата мамилесин чагылдыруу» архисемасы турат, ал ошол эле учурда ушундай эле аталыштагы модалдык-грамматикалык категория болуп саналат.

Ошентип, модалдык этиштин жана аны менен байланышкан маани берүүчү этиштин семантикалык структурасынын башында модалдык архисема турат. Модалдык этиштин жана аны менен байланышкан маани берүүчү этиштин семантикалык структурасында архисема жана дифференциялоочу семадан тышкары потенциалдуу семаларды да аныктоого болот, алар аталган семантикалык структурада белгилүү бир кырдаалдык шарттарда гана жаралат жана кызмат кылат. Мисалы, лингвистикалык иликтөө көрсөткөндөй, can англис модалдык этишинин жана аны менен байланышкан маани берүүчү этиштин семантикалык структурасында үч потенциалдуу семаны байкоого болот: 1. жөндөмдүү болуу, билүү; 2. Күмөндүүлүктү, ишенбөөнү чагылдыруу; 3. Мүмкүндүктү чагылдыруу, божомолдоо. Бирок маани берүүчү этиште бул үч потенциалдуу семаны байкоого болсо да, реалдуу кептик кырдаалда бир гана потенциалдуу сема ишке ашат, ал эми калган экөө колдонууга кирбейт.

Бул тилдердеги модалдык системаларды үч түшүнүктүк-маанилик топко бөлүп кароого болот: 1. «Мүмкүндүк» жалпы категориалдык семантикасына ээ болгон функционалдык-семантикалык топтогу модалдык этиштер, бул семантиканын негизинде таяныч маани катары «жөндөмдүү» дифференциялоочу семасы жатат; 2. «Зарылдык» жалпы категориалдык семантикасына ээ болгон функционалдык-семантикалык топтогу модалдык этиштер, бул семантиканын негизинде таяныч маани катары «милдеттүү» дифференциялоочу семасы жатат; 3. «Каалагандык» жалпы категориалдык семантикасына ээ болгон функционалдык-семантикалык топтогу модалдык этиштер, бул семантиканын негизинде таяныч маани катары «каалайт» дифференциялоочу семасы жатат. Мындай классификациялоо «жөндөмдүү» таяныч маанисине ээ модалдык этиштердин 1-тобуна can англис модалдык этишин жана konnen, lassen немис модалдык этиштерин киргизүүгө; «милдеттүү» таяныч маанисине ээ модалдык этиштердин 2-тобуна үч англис модалдык этиштерин must, ought, need жана эки немис модалдык этиштерин mussem, sallen киргизүүгө; «каалайт» таяныч маанисни ээ модалдык этиштердин 3-тобуна англис модалдык may этишин жана үч немис модалдык durgen, mogen, wollen этиштерин киргизүүгө мүмкүндүк берет.

Ошентип, англис жана немис модалдык этиштерин функционалдык-грамматикалык иликтөөдө биз, биринчиден, модалдык этиштердин эң кеңири ФСТсын аныктайбыз, анын курамында андан ары үч функционалдык-семантикалык топту бөлүп алабыз: 1. «мүмкүндүк» жалпы категориалдык семантикасына жана «каалайт» таяныч маанисине (дифференциялоочу семасына) ээ болгон топ; 2. «зарылдык» жалпы категориалдык семантикасына жана «милдеттүү» таяныч маанисине (дифференциялоочу семасына) ээ болгон топ; 3. «каалагандык» жалпы категориалдык семантикасына жана «каалайт» таяныч маанисине (дифференциялоочу семасына) ээ болгон топ. Ошондой эле аналитикалык англис тилиндеги жана флективдүү немис тилиндеги модалдык этиштердин ФСТсын салыштырып кароо, тилдик типтин системасы жана структурасы модалдык этиштердин системасына кандай таасир тийгизери жөнүндөгү маанилүү маселени иликтөөгө аракет кылабыз.

Тилдик материалды конкреттүү талдоодо, англис жана немис тилдеринин модалдык этиштер системаларын салыштырууда аталган модалдык бирдиктерди функционалдык-грамматикалык иликтөөгө жана аналитикалык англис жана флективдүү немис тилдеринин жалпы грамматикалык түзүлүшүнүн структуралык айырмачылыктарына байланышкан өтө ар түрдүү маселелер келип чыгышы мүмкүндүгүн эске алабыз.

Адабияттар

1. Бондарко А.В. Грамматика //Лингвистический энциклопедический словарь/ гл.ред. В.Н.Ярцева. – М.: Советская энциклопедия, 1990.117с.

2. Розенталь Д.Э., Теленкова М.А., Словарь-справочник лингвистических терминов. Пособия для учителя. – изд. 3-е, испр. и доп. – М.: Просвещение, 1985-399 с.

3. Лингвистический энциклопедический словарь. / Гл.редактор В.Н.Ярцева. – М.: Советская энциклопедия, 1990. 685с.

4. Ахманова О.С. Словарь лингвистических терминов. – М.: /Наука, 1956. 608 с.